УДК: 371: 37.01 (575.2) (04)
DOI 10.33514/1694-7851-2025-3/2-481-488

**Мурзаев М.С.**
психология илиминин кандидаты, доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
mamatali54@mail.ru
**Мурзаева Н.М.**
аспирант, окутуучу
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.

# КЫРГЫЗДАРДА ЭТНИКАЛЫК ИДЕНТТҮҮЛҮКТҮ СОЦИАЛДАШТЫРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ

**Аннотация.** Ар бир эл, улут уруулардан, ар кандай адамдар топторунан туруп, улут ичинде ар башка уруулардын, адамдар топторунун өз ара мамилелери ар түрдүү болот. Алардын ортосунда ынтымактуу мамилени калыптандыруу, коомдогу негизги милдеттерден болуп саналат.

Макалада этникалык иденттүүлүктү социалдаштыруу жана анын улуттук өзгөчөлүгү ар тараптан ачып берилген. Анда иденттүүлүктүн инсандын жүрүм-турумун аныктоосу жана социалдаштыруу (социалдашуу) процесси адамдын өзү мүчө болгон ар кандай адамдардан куралган топтордун эрежелерин өздөштүрүү аркылуу өз чөйрөсү сунуш кылган жашоо нормаларын, эрежелерин үйрөнүп, аны өз жашоосунда колдонуп жана ага баш ийип жашоосун ишке ашырары көрсөтүлгөн.

Ошондой эле инсандын иденттүүлүгүн калыптандыруу үчүн социалдаштыруу салттарын пайдалануу аркылуу жаш муундардын социалдык жана этникалык иденттүүлүктөрүн калыптандыруу маселелери каралган.

Макаланын аягында этникалык иденттүүлүктү калыптандыруу боюнча илимий негиздеги сунуштар айтылган.

**Негизги сөздөр:** глобалдашуу, социалдашуу, социалдаштыруу салты, өзүн-өзү аңдап билүү, иденттүүлүк, инсандык иденттүүлүк, социалдык иденттүүлүк, этникалык иденттүүлүк, инсанды калыптандыруу, мекенчилдик, эрктик сапаттар.

**Мурзаев М.С.**
кандидат психологических наук, доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
**Мурзаева Н.М.**

аспирант, преподаватель
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек

## ПРОБЛЕМЫ СОЦИАЛИЗАЦИИ ЭТНИЧЕСКОЙ ИДЕНТИЧНОСТИ КЫРГЫЗОВ

**Аннотация.** Каждый народ, нация состоит из племен, различных групп людей, и внутри нации взаимодействие различных племен, групп людей разнообразно. Формирование гармоничных отношений между ними является одной из основных задач в обществе.

В статье рассматривается проблемы социализация этнической идентичности и ее национальные особенности. Показано, что процесс социализации способствует людям усвоить нормы и правила жизни группы, содержание которого определяет поведение личности. Также рассматриваются особенности социализации в условиях глобализации и проблемы формирования социальной и этнической идентичности подрастающего поколения традицией социализации народа в процессе формирования личности.

В конце статьи представлены научно обоснованные рекомендации по формированию этнической идентичности.

**Ключевые слова:** глобализация, социализация, традиция социализации, самосознание, идентичность, идентичность личности, социальная идентичность, этническая идентичность, формирование личности, патриотизм, волевые качества.

**Murzaev M.S.**
Candidate of Psychological Sciences, Associate Professor
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.
**Murzayeva N.M.**
lecturer, postgraduate student
Kyrgyz state university named after I. Arabaev
Bishkek c.

## PROBLEMS OF SOCIALIZATION OF ETHNIC IDENTITY OF KYRGYZ

**Abstract.** Every nation consists of tribes, different groups of people, and the interaction of various tribes and groups of people within a nation is diverse. The formation of harmonious relations between them is one of the main tasks in society.

The article examines the problems of socialization of ethnic identity and its national characteristics. It has been revealed that the process of socialization helps people to learn the norms and rules of group life, the content of which determines the behavior of the individual.

The issues of formation of social and ethnic identity of the younger generation by the tradition of socialization of the people in the process of personality formation are also considered.

At the end of the article, scientifically based recommendations for the formation of ethnic identity are presented.

**Key words:** globalization, socialization, tradition of socialization, self-awareness, identity, personal identity, social identity, ethnic identity, personality formation, patriotism, volitional qualities.

Азыркы кезде Кыргызстанда саясый, экономикалык, социалдык маданий жааттарда жүрүп жаткан өзгөрүүлөр, жалпы эле коомдун модернизацияланышы жаш муундарды инсан катары калыптандырууда, алардын идентүүлүгүн калыптандырууга өзгөчө маани берүүнү талап кылат. Өсүп келе жаткан жаш муундарыбызды азыркы доордун талабына ылайыктуу күчтүү муун катары калыптандыруу үчүн алардын **иденттүүлүгүн** калыптандыруу зарыл иштерден болуп саналат.

Анын бир нече себеби бар:

1. Азыркы кезде кыргыз жаштары дүйнөнүн төрт бурчунда иштеп, жашап жатат, алардын бөтөн маданияттардын курчоосунда өсүп, чоңоюп жатышкан балдарынын кыргыз иденттүүлүгүнө ээ болушуна кам көрүүбүз зарыл.

2. Өлкөдө улуттук биримдикти калыптандыруу жаатында идеология иштелип чыга электигинен, бул багытта өлкөдө жүргүзүлүп жаткан иштер бир улутка биригүүгө багытталбай жаткандыгынан, кыргыздар арасында уруулук аң сезимдин үстөмдүгү, кыргыздарды бөлүнүп-жарылууга алып келип жаткандыгы түйшөлтпөй койбойт.

3. Азыркы кездеги кыргыз элиндеги орчундуу проблемалардын бири – кыргыздар бир улутка биригүү идеясына багытталбай, кайра уруу-урууга бөлүнүүнүн күчөшү, ар кандай денгээлде уруу-урууга, жер-жерге бөлүнүү күчөп, уруулук денгээлде курултайларды өткөрүүнүн көбөйүшү [5], ал эми бир улутка биригүү идеясынын ишке ашпай келе жаткандыгы көйгөйлүү маселеге айланууда. Анткени бир улутка бириге албай уруу-урууга бөлүнүүнүн күчөшүнүн кесепетинен кыргыз урууларын түзгөндөрдүн арасынан “биз кыргыз эмеспиз, илгери биз өзүнчө эл болгонбуз” деген сөздөрдүн жаралышы элдин биримдигинин ыдырашына алып келип, өлкөнүн келечегине коркунуч жаратат.

4. Маалымат технологияларынын дүркүрөп өнүгүшү, анда ар кандай маалыматтардын (айрыкча биздин маданиятыбызга туура келбеген жүрүм-турумдарды үгүттөгөн маалыматтар видео түрүндө ж.б.) эркин түрдө таратылышы жаш муундарды ар кайсы маданияттарга мүнөздүү жүрүм-турумдар менен тааныш болууга мүмкүндүк берип, инсан катары калыптанып бүтө элек жаштарыбыздын өз иденттүүлүгүн жана турмуштук багыттарын аныктоосуна өзүнүн терс таасирлерин тийгизип, улуттук иденттүүлүктөрдүн калыптануусуна тоскоолдуктарды жаратып жатат.

Жогоруда айтылгандарга кошумча өлкөдө ички душмандардын активдешүүсү (“Манас” эпосун бурмалоо аракеттери ж.б.) кыргыздардагы иденттүүлүк маселесин теориялык жана практикалык жактан изилдөөнү актуалдуу болушун шартап жатат.

Улуттук биримдикти камсыз кылуу үчүн жаш муундарда **идентүүлүктү** калыптандыруу зарыл иштерден болуп саналат.

Инсандын иденттүүлүк маселеси – социологиядагы, психологиядагы жана социалдык психологиядагы ж.б. эң өзөктүү маселе.

Иденттүүлүк – бир нерсеге, кайсы бир топко тиешелүүлүктүн аныкталышы [4, 32б].

Иденттүүлүктүн эки түрү бар: инсандык жана социалдык иденттүүлүк.

Инсандын иденттүүлүгү инсан кандай жол менен тайпага «сиңишип» кетерин, ага өзүнүн тиешелүү экендигин кантип аңдап билерин, башка сөз менен айтканда, тайпа менен *иденттелишин* **тагыраак билүүсү болуп саналат.** Инсандын иденттүүлүгү такай өзгөрүп, өнүгүп олтурат. Идентүүлүктүн мазмуну адам мүчө болгон тайпанын (М: улуттун ж.б.) мазмунуна, өзгөчөлүгүнө жараша калыптанат, өзгөрөт жана өнүгөт.

Биз макалабыздын максатына жана милдетине ылайык ***этникалык идентүүлүккө*** жана аны **калыптандырууга** кененирээк токтолобуз.

**Этникалык идентүүлүк** (этническая идентичность) - социалдык иденттүүлүктүн бир элементи болуп, адамдын кайсы этноско, улутка тиешелүүлүгүнүн-идентүүлүгүнүн аныкталышы, б.а., адамдын өзүнүн кайсы этноско тиешелүү экендигин аныктоосу жана өзү тиешелүү болгон этностун бүт белгилерине (ишеним, пейил, адат, кызыгуу ж.б.) ээ болушу [4, 255 б].

Этникалык иденттүүлүк – бул биринчи кезекте когнитивдик-эмоционалдык процесстин натыйжасында өзүн этностун өкүлүмөн деп аңдап билүү, өзүн аны менен окшоштуруу жана бөтөн этностордон ажыратып бөлүү [8, 12 б].

Этникалык, улуттук маданият, эстутум, символдор тутуму, тарыхый көркөм чыгармалар ж.б. этникалык иденттүүлүктүн мазмунун түзөт.
жаш муундарды жашоонун күнүмдүк азгырыктарынын кулу болбой, көп кылымдар бою өз ата-бабалары аздектеп келе жаткан улуу дөөлөттөрдү, нарк-насилдерди туу тутууга үндөйт жана аларда кыргыздык духту сактап калууга, ата-бабалардын салтын тутунууга түрткү берет [6]. Жаш муундардын элибизге мүнөздүү этникалык иденттүүлүктөргө ээ болушу өзүн-өзү аңдап билдирүүчү кызматты аткарат, ар бир кыргыз атуулунда өзүн-өзү аңдап билүүнү, **этникалык идентүүлүктү** (“өзүн кыргыз деп билүү” аң сезимин) калыптандырат.

*Социалдык* иденттүүлүк - белгилүү социалдык тайпага кошулуусун, **өзүн социалдык топко тиешелүүлүгүн аныктоо, б.а., адамдын социалдык “Мени”** [1].

А.Тешфэлдин пикири боюнча, социалдык иденттүүлүк инсандын социалдык топко мүчөлүгүн аңдап билүүсүнөн пайда болгон “Мен” концепциянын бөлүгү.

Социалдык иденттүүлүк өзүнүн белгилүү топтун мүчөсү (топко тиешелүү) экендигин билүү жана ал топко мүчө болуу, ал үчүн ошол топко тиешелүү болуунун эмоциялык мааниге ээ болуусу [8].

Тэшфел *социалдык* иденттүүлүккө төмөнкүдөй аныктама берген: «*Адамдын социалдык тайпага (же* тайпаларга) өзүнүн мүчө экендигин аңдап билүүдөн келип чыккан Мен - концепциясынын бөлүгү жана өзүнүн тайпага мүчө экендигине баалуулук катары карашы, анын эмоционалдык жактан мааниге ээ болушу» [3, 183-184 бб].

Социалдык иденттүүлүктүн түзүмүндө үч компонент бар: *когнитивдик* (менин тайпага тиешелүүлүгүм жөнүндөгү билимдер), *баалуулук* (тайпанын позитивдүү же негативдүү баасы), *эмоционалдык* (аны тайпанын өзүнө алышы же четке сүрүп салышы).

Инсандын социалдык иденттүүлүгү адамга дүйнөнү «биз» жана «алар», «бизге окшоштор» жана «окшош эместер» деп бөлүүгө мүмкүндүк берет [3, 184 б].

Адам өзүн курчаган социалдык чөйрөгө анын бир мүчөсү катары (адамдар тобуна, ишканага, мекемеге ж.б.) аралашып кетүүсү үчүн, андагы адамдардын өз ара мамилесинин (коомдук институттардын эрежелерин, нормаларын, дөөлөттөрүн өздөштүрүп) нормаларына жана эрежелерине баш ийиши зарыл. Аны **социалдашуу** процесси ишке ашырат.

Инсандын иденттүүлүгүнүн калыптануусу, анын коомдун эрежелерин, нормаларын, дөөлөттөрүн өздөштүрүү, үйрөнүү **социалдашуу** аркылуу жүрөт. Анткени социалдашуу процесси коом менен адамдын ар тараптуу карым-катышы, өз ара таасир этүүлөрү: бир жагынан коомдун адамга таасир этүүсү, экинчи жагынан адамдын коомго таасир этүүсү. Социалдашуу ушул эки таасирдин биримдигинде ишке ашуучу процесс болуп, өз ичине инсанды **калыптандырууну** жана **тарбиялоону** камтыйт.

Социалдаштыруу (социалдашуу) процесси адамдын өзү мүчө болгон ар кандай адамдардан куралган топтордун эрежелерин өздөштүрүү аркылуу өз чөйрөсү сунуш кылган жашоо нормаларын, эрежелерин үйрөнүп, аны өз жашоосунда колдонуп жана ага баш ийип жашоосу. Мына ошондон социалдашуу элдин социалдык-тарыхый тажрыйбасын, маданиятын, рухий-адеп-ахлак салттарын муундан муунга өткөрүп берүүчү каражат болуп саналат. Социалдашуу аркылуу гана коом сакталат жана коомдогу элдин бүт өзгөчөлүктөрү (ишенимдери, нарк-насили, дөөлөттөрү, жүрүм-турум нормалары жана эрежелери, каада-салты, үрп-адаты, ырым-жырымдары ж.б.) кийинки муунга өнүктүрүлгөн, өркүндөтүлгөн формада өткөрүлүп берилет. Мындан социалдашуу процесси коомдо муундарды байланыштырып туруучу кызматты аткарары белгилүү болот.

Социалдаштыруу процесси бүт турмуштук таасирлер, окутуу жана тарбиялоо аркылуу ишке ашырылып, алардын мазмунуна жараша адамдардын психологиялык өзгөчөлүктөрү: (пейилдери, нарк-насилдери, адаттары, стереотиптери, адеп ахлактары дүйнөгө болгон көз караштары, социалдык установкалары ж.б.) калыптанат.

Г.М.Андрееванын пикири боюнча адамдын кайсыл элге, улутка тиешелүүлүгүнө жараша инсандын калыптанышы өзүнчө өзгөчөлүктөрүнө ээ болот. Анткени ар бир элдин улуттук мүнөзүндөгү өзүнө гана тиешелүү болгон өзгөчөлүктөрдө элдин көп кылымдарда жаратылган, топтолгон тарыхый тажрыйбаларды өздөштүрүү социалдаштыруунун мазмунун түзөт [2, 211 б]. Анткени ар бир элдин маданиятын түзүп турган нарк-насилдер, баалуулуктар, социалдык установкалар, каада-салттар, үрп-адаттар ж.б. адамдардын жүрүм-турумун, максаттарын, умтулууларын жана жашоо образын жөнгө салып турат. Социалдаштыруунун натыйжасында адам кайсы элдин маданиятын өздөштүрсө, ошол элдин өкүлү катары калыптанат. Бөтөн улутка тиешелүү маданият чөйрөсүндө жашаган адам ошол чөйрөнүн таасирлеринен ошол маданиятка мүнөздүү улуттук белгилерге, мүнөздүк сапаттарга ээ болот [3]. М: Россияда иштеп жүргөн мекендештерибиздин балдары орус маданиятында тарбияланышкандыктан, орус улутуна мүнөздүү жүрүм-турумдардын, инсандык сапаттардын ээси болуп калышы мыйзамченемдүү.

Г.М. Андрееванын пикири боюнча, инсандын социалдашуусу эң орчундуу үч багытта жүрөт. Алар *ишмердик, баарлашуу, өзүн-өзү аңдап билүү.* Бул үч багыттын жалпы мүнөздүү белгиси болуп, адамдын сырткы дүйнө менен болгон байланыштарынын *кеңейүү* жана *көбөйүү* процесстеринин ишке ашуусу саналат. Б.а., адамдын социалдашуусу жаңы-жаңы ишмердиктүн түрлөрүн өздөштүрүүсү, баарлашуунун жана өзүн-өзү аңдап билүүнүн кеңейиши, көбөйүшү аркылуу жүрөт [3, 282 б].

Эми өзүн-өзү аңдап билүүнүн өнүгүшүнө кененирээк токтоло кетели.

**Өзүн-өзү аңдап билүү** - адамдын өзүнүн сапаттарын, касиеттерин, жөндөмдүүлүктөрүн, сырткы көрүнүшүн, коомдогу ордун баш мээсинде чагылдырышы, адамдын аң сезиминдеги өзү жөнүндөгү образы.

Өзүн-өзү аңдап билүү - аз же көп денгээлде адам аңдап билген, адамда толгонууларды жараткан, адамдын өзү жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн тутуму [7, 475 б].

Өзүн-өзү аңдап билүү аркылуу адам өзүн таанып билет жана **о**шол образга жараша адам өзүнө жана бөлөк адамдарга мамиле жасайт.

Өзүн-өзү аңдап билүү туруктуу келгени менен ички өзгөрүүлөргө учурап туручу өзгөчөлүк. М: керектиктердин ж.б. өнүгүшү инсандын өзүн-өзү аңдап билүүсүнүн өзгөрүүсүнө алып келет. Өзүн-өзү аңдап билүүнүн элементтери болуп *өзүнө болгон мамиле* (самотношение) жана *өзүн-өзү баалоо* (самооценка), анын өзгөчө түрү болуп *инсандын умтулуу денгээли* (уровень притязаний) саналат.

Өзүн-өзү аңдап билүүнүн өнүгүшү бир нече стадияларда жүрөт жана ал процессте «Мен концепциянын» өнүгүшүнүн ролу чоң болуп эсептелинет.

«Мен» образынын өнүгүшү инсандын өзүн-өзү аңдап билүүсүнүн өнүгүшү менен түздөн-түз байланышта. Өзүн-өзү аңдап билүү адамдын өзү жөнүндөгү «Мен» концепциясы.

«Мен –концепция» - адамдын өз жөнүндөгү ой-пикири, Л.Хьелл жана Д.Зиглердин пикирлери боюнча “Мен – концепция адамдын өзүн өзүнүн бир бөлүгү катары кабылдоосун, мүнөздөөсүн чагылдырат”[9, 540 б].

Эми изилдөөнүн максатына ылайык инсандын өзүн-өзү аңдап билүүсүнүн көрүнүшү болгон иденттүүлүктүн этникалык түрүнүн калыптануусуна токтололу.

Этникалык иденттүүлүктү калыптандыруу үчүн

1. Азыркы кезде кыргыз жаштары дүйнөнүн төрт бурчунда иштеп, жашап жатат, алардын бөтөн маданияттардын курчоосунда өсүп, чоңоюп жатышкан балдары биздин маданиятыбызга туура келбеген жүрүм-турумдарды өзүнө үлгү кылып албоосу үчүн, кыргыз иденттүүлүгүнө ээ болушуна кам көрүүбүз зарыл. Биринчи кезекте үйдө эне тилинде сүйлөшүү, балдарга кыргыздар жана Кыргызстан жөнүндө көп айтып берүү, улуттук тамак-аштарды, кийимдерди турмуш-тиричиликте көбүрөөк колдонуу зарыл ж.б.у.с.
2. Улуттук биримдикти калыптандыруу жаатында идеология иштелип чыгуу зарыл. Ал уруу-урууга, жер-жерге бөлүнүүгө чек коюп, өлкөдө жүргүзүлүп жаткан бүт иштерди бир улутка биригүүгө багыттоосу зарыл.Ошондо гана уруулук аң сезимден арылып, кыргыздардын бөлүнүп-жарылуусун токтотууга жана бир улутка биргүүгө жетишебиз.

Азыркы кездеги кыргыз элиндеги орчундуу проблемалардын бири – кыргыздар бир улутка биригүү идеясына багытталбай, кайра уруу-урууга бөлүнүүнүн күчөшү. Ошондуктан эң башкы маселе ар кандай денгээлде уруу-урууга, жер-жерге бөлүнүүгө, уруулук денгээлде курултайларды өткөрүү чек коюу зарыл. Ошондо гана элдин биримдигине жетишебиз. Азыркы кездеги кыргыз элиндеги уруу-урууга бөлүнүүнү жоюу үчүн, бир улутка биригүү идеясынын негизинде атайын идеология иштелип чыгуусу зарыл. Улуттук иденттүүлүктү калыптандыруу идеологиясынын натыйжасында кыргыздарды мен: “адигинемин”, “ичкиликмин”, “аватмын”, “саякмын”, “бугумун” ж.б. уруулук иденттүүлүктөн арылтып, мен “кыргызмын” деген иденттүүлүккө ээ болууга жетише алабыз.

3. Маалымат технологияларынын дүркүрөп өнүккөн шартта жаш муундарыбыз ар кайсы маданияттарга мүнөздүү жүрүм-турумдарды өзүнө үлгү тутуп албоосу үчүн, үй-бүлөдө балдарга улуттук баалуулуктарды үйрөтүү салтка айлануусу зарыл. Ошондо гана бөтөн маданият чектелип (биздин маданиятыбызга туура келбеген жүрүм-турумдарды үгүттөө азаят ж.б.) Ошондо гана инсан катары калыптанып бүтө элек жаштарыбыз өз иденттүүлүгүн жана турмуштук багыттарын туура аныктай алат.

Жогоруда айтылгандар кыргыздарда улуттук иденттүүлүктү калыптандырууну шартайт.

Жыйынтык

Инсан өзүнүн иденттүүлүгүн өзү кирген топко тиешелүү экендигин аңдап билүү аркылуу аныктайт.

Социалдаштыруу адам туулгандан өмүрүнүн аягына чейин созулуучу процесс катары социалдык чөйрөдөгү жүрүм-турум нормаларды, эрежелерди адамдын өздөштүрүүсү жана аларды өз жүрүм-турумунда көрсөтүүсү (колдонуусу) болуп, инсандын иденттүүлүгүнүн калыптануусун шарттайт.

Өсүп келе жаткан жаш муундарыбызды азыркы доордун көйгөйлөрүн жана талабын туура түшүнгөн, ыймандуу жана күчтүү муун катары калыптандыруу үчүн алардын социалдык жана этникалык **иденттүүлүктөрүн** калыптандыруу зарыл болуп саналат.

Азыркы кезде глобалдашуу процесси, маалымат технологиялары, маданияттардын карым-катышы улуттук маданиятыбызга, жалпы эле коомубузга терс таасирлерин тийгизип жаткан шартта, жаш муундарды инсан катары жетилтүүдө элибиздин **социалдашуу салттарын** натыйжалуу пайдалануу кыргыз элинин улуттук биримдикке жетишүүсүн ишке ашырат.

Ата-бабаларыбыздан келе жаткан тарбия берүү салттарын бүгүнкү күндүн талабына ылайыктап жаш муундарды инсан катары социалдаштырууда пайдалануу алардын өзүн-өзү аңдап билүүсүн, этникалык иденттүүлүгүн өнүктүрүүнүн мазмунун түзөт.

Жаш муундарга улуттук негизде таалим-тарбия берүү, бала бакчадан тартып жогорку окуу жайларга чейинки билим берүү системасында жаш муундарга улуттук маданиятты колдонуу аркылуу социалдаштырууну ишке ашыруу, жаш муундарыбыздын жүрөгүндө “кыргызмын” ж.б. деген сезими бар *этникалык иденттүүлүгү* жогору болгон мекенчил атуулдарды *социалдаштырууга* мүмкүндүк берет. Ошондой эле жаш муундрды социалдштырууда дүйнө жүзүн финансылык каатчылык каптап жатканда кыргыз эли той, сөөк көмүү ж.б. байланыштуу чыгымдарды бүгүнкү заманга ылайыкташы зарыл.

**Адабияттар**


1. Анализ одной стратегий самоутверждения личности в ракурсе проблемы «Я» и другой // Проблема субъекта в психологической науке. – М., 2000.
2. Андреева Г.М. Социальная психология. – М.: Изд-во МГУ, 1988.
3. Андреева Г.М. Социалдык психология. – Ош, 2003. – 368 б.
4. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү. – Б.: Улуу тоолор, 2022. – 264 б.
5. Мурзаев М.С. Санжыра жана психологиялык мыйзамдар // Вестник Арабаева. – 2024. – Т. 4, №1. – С. 32–38.
6. Мурзаев М.С., Эмилбаева М.Т. Кыргыздардын улуттук мүнөзүн изилдөө маселелери // Вестник Арабаева. – 2025. – Т. 2, №1. – С. 83–87.

7. Психология: словарь / под общ. ред. А.В. Петровского, М.Г. Ярошевского. – 2-е изд., испр. и доп. – М.: Политиздат, 1990. – 494 с.
8. Стефаненко Т.Г. Этнопсихология: учебник для вузов. – 3-е изд., испр. и доп. – М.: Аспект Пресс, 2003. – 368 с.
9. Хьелл Л., Зиглер Д. Теории личности (основные положения, исследование и применение). – СПб.: Питер Пресс, 1977. – 606 с.

**Рецензент: психология илимдеринин кандидаты, доцент Качикеев Т.Ж.**